КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин
I чакырылышынын 14.-сессиясынын

ТОКТОМУ

“4” 02 2026-жыл № 119 Кызыл-Суу айылы

Жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө

Кызыл-Суу айылынын өкмөтүнүн муниципиалдык менчигинде турган Кызыл-Суу айылындагы Рысмендеев көчөсү №2 участкасындагы 2-02-10-1001-4624 кодтогу - 11125,0 чарчы метр бош турган жер тилкесинин ичинен Кыргыз Республикасынын Президентинин протоколдук тапшырмасынын негизинде 29.12.2025 жылдын №40 протоколдук тапшырма берилген ,тапшырмада ар бир аймактык салык башкармалыктары бир типтүү административдик имараттар куруу жагы каралган жогоруда келтирилгендигинен Кыргыз Республикасынын Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы А.Н.Шыкмаматовдун тапшырмасынын негизинде Жети-Өгүз райондук салык кызматы азыркы учурдун талабына ылайык имарат салууга жер тилкесин бөлүп бекитип берүү боюнча жергиликтүү кенештин сесссиясы **т о к т о м к ы л а т:**

1. Кызыл-Суу айылынын өкмөтүнүн муниципиалдык менчигинде турган Кызыл-Суу айылындагы Рысмендеев көчөсү №2 участкасындагы 2-02-10-1001-4624 кодтогу - 11125,0 чарчы метр бош турган жер тилкесинин ичинен -3000,0 чарчы метр жер тилкеси Кыргыз Республикасынын Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Жети-Өгүз райондук салык кызматынын кайрылуусунун негизинде азыркы учурдун талабына ылайык имарат курууга мыйзам чегинде макулдук берилсин.

2. Жети-Өгүз райондук салык кызматынын имараты курулуп ишке берилгенден кийин салык кызматынын имараты Кызыл-Суу айылынын өкмөтүнүн муниципиалдык менчигинде турган -3000,0 чарчы метр жер тилкесин бөлүп алып иш кагаздарын бүтүрүү жагы айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Б.Минбаевке милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кенештин жер жана агрардык маселери боюнча туруктуу комиссиясына жана жана айыл өкмөтүнүн башчысы А.Нурбек уулуна тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**